Тарых илимдеринин доктору илимий даражасынын изденүүчүсү Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевнанын 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча коргоого сунушталган “Кыргыздардын салттуу килем токуучулук өнөрү (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)“ аталышындагы диссертациясына расмий оппонент Өзбекстан Республикасынын Чырчык мамлекеттик педагогикалык университетинин профессору, тарых илимдеринин доктору Назаров Насриддин Атакуловичтин

# ПИКИРИ

1. Корголуп жаткан **диссертациянын иш актуалдуу, анткени** кыргыз элинин маданий мурастарынын бири болуп салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгү кылымдарды камтып келет. Бул көркөм кол өнөрчүлүк кыргыздардын чарбасы, маданияты, социалдык байланыштары, алардын материалдык жана руханий дүйнөсү жөнүндө маалымат бере ала турган баалуу тарыхый-этнографиялык булак катары терең мааниге ээ. Ошого карабастан кыргыздардын салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгү, жүндү иштетүүдөгү, салттуу килем токуудагы кылымдап топтолгон элдик билими, тажрыйбасы, кыргыздардын социалдык-маданий байланыштары, алардын килем көчөттөрүндө чагылдырылган дүйнө таанымы, эстетикалык баалуулуктары, кыргыз үй-бүлөсүнүн салттуу турмуш-тиричилигиндеги килем буюмдарынын мааниси, токулган салттуу килемдердин функционалдык өзгөчөлүктөрү, килем токуу учурундагы ага байланышкан кыргыздардын салттары алигиче кыргыз этнология илиминде атайын изилдөө объектиси жана предмети боло элек. Кыргыз килеминин ажарын ачып турган көчөттөрүнүн семиотикалык эволюциясы да учурда дээрлик изилденбеген.

Ааламдашуунун таасири чындыгында Борбордук Азия анын ичинде Кыргызстандын аймагында салттуу кол өнөрчүлүккө таасирин тийгизди. Анын таасири өзгөчө XX к. экинчи жарымында сезиле баштаган - табигый ресурстардын негизинде өнүгүп келген кол өнөрчүлүктүн базасы тарып, анын элдик салттары унутула баштаган абал жаралды. Ошол эле учурда ар бир этнос өзүнчөлүгүн сактап калууга аракет кылган тенденция да пайда болду. Учурда өлкөбүздө салттуу маданиятты сактоо жана жандандыруу маселелери мамлекеттик деңгээлде көтөрүлүп жатат. Кыргыздардын жекече чыгармачылыкты элдик салттар менен терең айкалыштырган үй өндүрүш жүрүмү өз ара жардам, бири-бирин колдоо, меймандостук ж.б. сыяктуу байыртан келаткан асыл сапаттар менен коштолгон жана аларды бекемдеген. Килем даярдоо жүрүмү да мындан четте калган эмес. Анын артында жогоруда айтылгандардан сырткары өз ишине берилгендик, эмгекчилдик, коздукка умтулуу сыяктуу нарктуу сапаттар турат. Килем токуунун жүрүшү айтылган көөнөрбөс элдик салттарды, чеберчиликти кийинки муундарга өткөрүп берүүнүн да мектеби болуп саналат. Бул жүрүм элдик педагогиканын мыкты ыкмалары менен ишке ашырылган.

ОК: Бибулатова А.Р.

ДС 07.23.674.
Вх. № 2024/8 от 14.06.24
Уч. секр.

Ошондуктан, кыргыздардын салттуу материалдык жана руханий маданиятынын тарыхын салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгү аркылуу изилдөө менен анын элдик салттарынын сакталып жана кайра жандануусуна, азыркы жана кийинки муундардын элибиздин нарктуу дөөлөттөрүн аңдап билүүсүнө жана аларды туу тутуусуна, улуттук баалуулуктар менен сыймыктануусуна, алардан нарктуу адеп-ахлак башаттарын табуусуна жетишүүгө болот.

**2. Диссертациясында формулировкаланган илимий натыйжалуулугунун даражасы**

Ч.Т.Сатыбалдиеванын диссертиялык ишинин жыйынтыгы этнологиялык жана этномаданий изилдөөлөрдүн көп жылдык жыйынтыгы болуп саналат.

XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башындагы салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгү аркылуу кыргыз элинин тагыраак айтканда ичкилик урууларынын салттуу килем жасоо маданиятынын тарыхын тыкыр изилдеген. Диссертация логикалык жактан туура түзүлүп, кеңири маалыматка негизделген.

Революцияга чейинки тарыхый жана этнографиялык булактардын топтому, советтик жана постсоветтик мезгилдер, анын ичинде материалдары жетиштүү деңгээлде каралган.

Маселенин тарыхнамасына карай турган болсок, XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башындагы илимий эмгектер каралып, мыкты анализ берилген. Андан тышкары заманбап изилдөөчүлөрдүн маалыматтары эске алынган. Диссертациялык иште талаа этнографиялык материалдарынын болушу илмий ишти дагы да күчөткөн.

Методикалык жактан диссертациясы тарыхыйлуулук принциптерге негизделген.

Кыргызстандагы этнология илиминде алгачкы жолу кыргыздардын салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгү изилдөөнүн объектиси катары каралат.

**Жыйынтык 1.** Автор теманын актуалдуулугун, туура негиздейт. Изилдөөнүн максаттары жана милдеттери так коюлган. Кыргыздардын XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башындагы салттуу килем токуучулук өнөрүн изилдегендиги менен баалуу (Киришүү бөлүгү).

**Жыйынтык 2.** Кыргыздардын салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгү экспедициялык талаа материалдардын, музейдеги килем жана килем буюмдары жана аларга байланыштуу болгон экспонаттардын, көркөм эпикалык чыгармалардын жана тарыхый-этнографиялык адабияттардагы маалыматтардын негизинде комплекстүү изилдөөгө алгандыгы менен баалуу (1.1-2.2 бөлүмдөр).

**Жыйынтык 3.** Кыргыздардагы салттуу килем жана килем буюмдарынын пайда болуу тарыхы изилденип, анын жергиликтүү кол өнөрчүлүк экендиги далилденди. Кыргыздар өзүнө таандык өзгөчөлөнгөн, башка этностордон айрымаланган салттуу килемди токушкандыгы жана турмуш тиричилигинде пайдалангандыгы аныкталгандыгы менен баалуу ( 2.3.-4.4 бөлүмдөр).
**Жыйынтык 4.** Салттуу коомдо салттуу килемдин негизи болгон койдун, эчкинин, төөнүн жүндөрүнүн жипке даярдалып, алардын килемге ылайыктоо өзгөчөлүктөрү алгачкы жолу изилденгендиги менен баалуу (3.1.бөлүм).
**Жыйынтык 5.** Алгачкы жолу салттуу килем жана килем буюмдарынын токуу куралдарын даярдоонун жана чеберчилигинин жүрүмү каралды. Ушул күнгө чейин изилденбей келген салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгүндө колдонулган эмгек куралдары - ийиктин, токмоктун, сабоолордун түрлөрү жана жасоо ыкмалары көрсөтүлгөндүгү менен баалуу ( 3.4-3.5 бөлүмдөр).
**Жыйынтык 6.** Салттуу килем жана килем буюмдарын токуу үчүн керектелүүчү жиптердин түрлөрү жана килем жасалуучу дүкөндү килем токууга даярдоо жүрүмү реконструкцияланып киргизилди. Алгачкы жолу килем үчүн даярдалган жиптерди боёо үчүн табигый өсүмдүктөрдөн боёкторду даярдоо жана жүндү боёо ыкмалары көрсөтүлгөндүгү минен баалуу (3.2-3.3 бөлүмдөрү).
**Жыйынтык 7.** Кыргыздарда килем токуу өнөрү чарбалык жана маданий турмуштун, салттуу коомдун тутумунун ажырагыс бир бөлүгү катары экендиги аныкталгандыгы менен баалуу (4.1- бөлүм).
**Жыйынтык 8.** Килемди токуу жүрүмүндөгү көрүнүштөр, андагы бай оюм-чийимдер аркылуу кошуна жашаган башка түрк элдери менен болгон этногенетикалык жана тарыхый-маданий байланыштар бар экендиги такталгандыгы менен баалуу ( 4.2- бөлүмдөрү).
**Жыйынтык 9.** Кыргыздардын килем токуу өнөрүн изилдөө жүрүмүндө алардын байыркы архаикалык орнаменталдык белгилери аныкталып, салттуу килемдин орнаменттеринин семантикалык жана семиотикалык маңыздары алгачкы жолу изилденүүгө алынгандыгы менен баалуу (4.3-4.4-бөлүмдөрү).
**Жыйынтык 10.** Кыргыздардагы килем токуу жүрүмүндөгү пайда болгон, калыптанган жана ушул күнгө чейин жеткен айрым каада-салттар жана ырым-жырымдар изилдендиги менен баалуу (5.1-бөлүмү).
**Жыйынтык 11.** Кыргыз үй-бүлөсүнүн салттуу үй турмушунда салттуу килем токуучулуктун ролу айрыкча кыз балдарды килем токуучулук аркылуу эмгекке тарбиялоонун жана үйрөтүүнүн, эрезеге жеткирүүнүн элдик өзгөчөлүктөрү аныкталды жана изилденгендиги менен баалуу (5.1.-бөлүмү).
**Жыйынтык 12.** Кыргыздардын башка элдерден айрымаланган жарым-көчмөн жашоодогу килем жана килем буюмдарынын түрлөрүнүн тажрыйбалык мааниси, колдонулган чөйрөсү көрсөтүлгендиги менен баалуу (5.2-бөлүмү).

### 3. Диссертациядагы келтирилген корутундулардын жана сунуштардын ишенимдүүлүгү

Диссертациянын автору публикациялар аркылуу анын тууралыгын Кыргызстандын, Өзбекистандын жана Россиянын тиешелүү илимий журналдарында илимий макалалардын жарыяландыгы менен тастыктайт. Доктордук диссертациянын материалдарынын негизги жыйынтыктары республикалык конференциялардын материалдарында жана эл аралык илимий журналдарда жарыяланган макалаларда чагылдырылган. Колдонулган илимий адабияттардын жана булактардын тизмеси илимий иштин мазмунуна шайкеш келет. Илимий иштин практикалык мааниси биринчи кезекте тарых, маданият тарыхы боюнча фундаменталдуу эмгектерди жазууда колдонула турган далилдүү материалдарды берери менен аныкталат. Маданиятты изилдөөчүлөрдүн, археологдордун, этнографтардын жана тарыхчылардын изилдөө ишине маанилүү көмөк көрсөтө алат.

### 4. Изилдөөнүн жыйынтыктарынын негиздүүлүгү жана аныктыгы

**Натыйжа 1.** Автор тарабынан диссертациядагы изилденген көйгөйлөр совет дооруна чейинки мезгилдеги ата мекендик жана чет элдик тарых илиминде жетишерлик изилденген эмес, ошондуктан автор тарабынан изилдөө темасы боюнча тарыхнаамалык талдоо жүргүзүлгөн. (1.1.- бөлүм).

**Натыйжа 2.** Автор тарабынан диссертациядагы жасалган негизги корутундулар жана жоболор кеңири иштелип чыккан. Советтик жана постсоветтик мезгилдеги булактарды изилдөө комплекси, тиешелуу музей материалдар каралды, ошондой эле этнографиялык талаа материалдары колдонулду ( 1.2., 2.2- бөлүмдөр).

**Натыйжа 3.** Кыргыздардын материалдык маданиятынын бир бөлүгү болгон килем токуу өнөрү, ага керектелүүчү чийки заттар, эмгек куралдарын даярдоо өзгөчөлүктөрү, салттуу килемдери жана килем буюмдарына керектелүүчү жиптерди жасоо ыкмаларын билгендиги аныкталды (3.1-3.2-бөлүмдөр).

**Натыйжа 4.** Килем үчүн даяр болгон жиптерди ар түркүн табигый боёк берүүчү өсүмдүктөрдүн жардамы менен керектүү түстөргө боёп алышкан. Кыргыздар боёктордун ичинен көбүнчө кызыл жана жашыл түстөргө басым жасашкан. Анткени кызыл түс жылуулукту, ал эми жашыл түс жашоону жана тирүүчүлүктү туюндурган. Аларды даярдоо, боёо жана колдонуу ыкмалары кыргыздардын көчмөн жашоосуна ыңгайлашылган (3.3. - бөлүм).

**Натыйжа 5.** Килем токууда колдонулган эмгек куралдардын жасалуучу материалдары, алардын колдонуу техникасы кыргыздын кол өнөрчүлүгүнүн бай экендигин көрсөтөт. Килем токуу үчүн эмгек куралдарын негизинен үй шартында эле үй ээлери өздөрү даярдашкан, айрым гана учурларда жергиликтүү усталарга буйрутма берип жасатышкан (3.4. - бөлүм).

**Натыйжа 6**. Салттуу килемдерди даярдоо ыкмалары муундан муунга салт катары өткөрүлүп, килем жасоо жараяны аркылуу кыздардын жана келиндердин коомго социалдашуусуна өбөлгө түзгөн. Килем токуу өнөрү уз-чеберлердин биринен экинчисине, ал эми килемдин өзү муундан-муунга өтүп, өзгөчө үй-бүлөлүк, уруулук жана элдик баалуулуктардын бири катары эсептелинет (3.5. - бөлүм).

**Натыйжа 7**. Салттуу килем жана килем буюмдарын даярдоодо токуу жүрүмүнүн татаалдыгы, каражаттардын кымбаттыгы жана танкыстыгы, акыл жана күч эмгегинин айкалышуусун талап кылганы килем жасоо түйшүктүү, ошол эле учурда баалуу да иш экенин далилдейт. (4.1-бөлүм).

**Натыйжа 8.** Килемдерди жасалгалоо салттарынын жана көчөттөрдү шөкөттөөдөгү көптөгөн купуя белгилердин пайда болушу байыркы табынууларга жана ишенимдерге негизделген жалпы булактан келип чыккан. Алардын кооздугу, жалпы көрүнүшү жана жасалгасындагы өзгөчөлүктөрү кыргыздардын чарбалык жана маданий жашоо мүнөзү менен тыгыз байланышта болгон. Килемдерди жасалгалоодо кыргыздардын ишенимдери жана табынуулары айрым бир белгилер түрүндө чагылдырылган (4.2.-бөлүм).

**Натыйжа 9.** Кыргыз элинин жашоо тиричилги, килем техникасы менен жасалган үй эмеректери алардын диний ишенимдерине, каада-салттарына жана үрп-адаттарына байланыштуу жүргүзүлүп, сакралдык мааниге ээ экендиги аныкталды. Ошол эле учурда килем буюмдарынын тажрыйбалык маанисин ушул күнгө дейре жоголо электиги көрсөтүлдү (4.3- бөлүм).

**Натыйжа 10.** Кыргыздардын килем токуу өнөрүн изилдөө жүрүмүндө алардын байыркы архаикалык орнаменталдык белгилери аныкталып, салттуу килемдин жергиликтүү көчөттөрүрнүн семантикалык маңыздары алгачкы жолу изилденүүгө алынды (4.4-бөлүмдөрү).

**Натыйжа 11.** Автор Ош, Баткен областтарындагы оригиналдуу этнографиялык талаа маалыматтарын чогулткан. Натыйжада талаа материалдарынын анализи мурда белгисиз болгон жактарын ачып берген. Диссертациялык иште кыргыздардын изилденип жаткан мезгилдеги этномаданий мамилелерин көрсөткөн (5.1-бөлүм).

**Натыйжа 12.** Килем токуу жүрүмү кыргыздардын өзүнө тиешелүү салт-санаалар, ырым-жырымдар жана жөрөлгөлөр менен коштолуп турган. Килем токуу жүрүмү бул килем буюмун даярдоо жүрүмү гана эмес, эмгек аркылуу жаш кыздарды коомго даярдоо, социалдаштыруу жүрүмү да болуп эсептелген (5.2-бөлүм).

## 5. Алынган натыйжалардын ички биримдигин баалоо

Доктордук диссертациянын структуралык түзүмү илимий-логикалык жактан аныкталып, берилген теманын ырааттуулугу жана анын алдына коюлган милдеттер так коюлган. Ички биримдик, бүтүндүк жана баяндоо ырааттуулугу жоболорго, корутундуларга түздөн-түз байланыштуу жана бул изилдөөнүн натыйжалары так көрсөтүлөт. Эмгекте бир катар жаңы илимий

натыйжалары, ал эми иштеп маселеге автордун жеке салымы берилгени диссертациянын текстинде жетишерлик айкын көрүнүп турат.

**6. Негизги басылмалардын жетиштүү толуктугун ырастоо жоболору, натыйжалары жана диссертациянын корутундусу**

Диссертациянын натыйжалары жана корутундулары 26 илимий публикациялар менен тастыкталат, анын ичинде Web of Science системасына кирген жана рецензияланган илимий журналдарда жарыяланган илимий макалалар тастыктайт.

**7. Автореферattын мазмуну диссертациянын мазмунуна шайкеш келиши**

Авторефераттын мазмуну жана структурасы диссертациянын струкурасына, жоболоруна жана корутундуларына дал келет. Авторефераттын кыскача мазмуну түзүлгөн. Орус, кыргыз жана англис тилдеринде түзүлгөн резюмеси мазмуну боюнча бирдей. Автореферат Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын талаптарын эске алуу менен даярдалган жана форматталган.

**8. Кемчиликтер жана сунуштар**

- Диссертациянын объекти жана предмети (63 бет): **Изилдөөнүн объектиси:** Кыргызстандын түштүк аймактарындагы XIX кылымдын аягы жана XX кылымдын башындагы салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгү болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн предмети:** салттуу килем токуунун келип чыгуу эволюциясы, анын негизи болгон жүндү, жиптерди даярдоо салттары, токуу куралдарын даярдоо, токуу ыкмалары жана аны менен байланышкан каада-салттар, үрп-адаттар жана ырым-жырымдары болуп саналат, деп берилген. Бул жерде изилдөө объекти изилдөө предметинен азыраак болуп қаған. Объект XIX-XX кылым, предмети килем токуунун келип чыгуу эволюциясы. Эволюция миң жылдыктарды өз ичине алат.

- Килемден тышкары килем токуу техникасы менен токулган буюмдардын семантикалык маанисине учкай токтолгон, ошолорду толугу менен ачып берген болсо диссертациялык дагы да болсо күчүнө кирмек.
- Кыргыздардын “араби” деп аталган килемин жергиликтүү эл “какма килем” деп аташаары белгилүү, ошол алышты текстке киргизилгени туура болот эл.

- Кыргыздардын ичкилик урууларынын килем токуу өнөрү сакталган локалдык аймактарынын картасын аныктап, чийип тиркеме катары киргизилсе да жакшы болмок.
-Диссертациянын 65-бетинде "локайлыктар"деп орфографиялык ката кетип калган, ал эми лакай, лакайлар сөздөрү туура жазылган.

Жогоруда көрсөтүлгөн эскертүүлөр диссертациялык иштин кадыр-баркына шек жаратбайт, теориялык жана практикалык жыйынтыктарына таасирин тийгизе албайт.

**9. Диссертациянын Кыргыз Республикасынын Улуттук Аттестациялык комиссиясынын талаптарына шайкештиги**

Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевнанын "Кыргыздардын салттуу килем токуучулук өнөрү (XIX к. аягы. – XX к. башы) аталышындагы тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн, 07.00.07-этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча жазылган доктордук диссертациясы профессионалдык деңгээлде аткарылып, Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы Кыргыз Улуттук комиссиясынын квалификациялык талаптарына жооп берет.

Диссертациялык изилдөөнүн бөлүмдөрүнүн жана параграфтарынын мазмуну логикалык жактан туура жана ырааттуу коюлган.

Диссертация заманбап концептуалдык ык-амалдардын негизинде аткарылган жана "Илимий даражаларды ыйгаруу эрежелеринин" талаптарына жооп берген толугу менен бүткөн илимий иш деп эсептеймин. Сунушталган иштин мазмуну паспортко толугу менен жооп берип, 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистигиге ылайык келет.

Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевнанын диссертациясы заманбап илимий деңгээлге дал келет, ал эми автор 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору илимий даражасын ыйгарууга татыктуу.

**Өзбекстан Республикасы, Чырчык мамлекеттик педагогикалык университетинин профессору, тарых илимдеринин доктору:** **Назаров Н. А.**

Nazarov Imzosini tasdiqlayman CHDPU XB inspektori
"__" ____________20__ y.

OLIY TA'LIM, FAN VA INNOVATSIYALAR ... PEDAGOGIKA UNIVERSITETI XODIMLAR BO'LIMI